И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)” аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштии диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.**

- Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)” аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн илимий-методикалык проблема 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына туура келет:

**Диссертациянын максаты:** – мектептин башталгыч класстарында адабий окуу предметин этнопедагогикалык багытта окутууну өркүндөтүүнүн методикалык негиздерин иштеп чыгуу, алардын жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:**

-темага ылайык теориялык-методологиялык адабияттар анализденген, адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта өткөрүүнүн зарылдыктары ачыкталган, учурдагы абалы анализденген;

- Адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздери, методдору, ыкмалары, иштөөнүн формалары аныкталган;

- Адабий окуу предметинен балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта окутууда окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр сунушталган жана ага ээ болуунун жолдору каралган, алар эксперименттик иштеринде сыноодон өткөрүлгөн.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

-аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте адабий окуу предметин окутуу методикасы үчүн актуалдуу, себеби:

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 85 «30» 06 2021 ж/г

- биринчиден, мектеп окуучуларынын кыргыз балдар адабиятын окуп – үйрөнүүнүн талаптагыдай методикалык ыкмаларын, алар аркылуу адабий-теориялык, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселесин чечүүнүн зарылдыгы;
- экинчиден, адабий окуу сабактарында кыргыз балдар адабиятын окутууда таалим-тарбиялык маани-маңызын ачуу маселесинин буга чейин изилденип чыкпагандыгы;
- үчүнчүдөн, адабий окуу предмети аркылуу окуучулардын этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык негиздеринин учурдагы этнопедагогика илиминин жетишкендиктерине таянылуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

**3. Илимий жыйынтыктары:** -изилдөөдө кыргыз педагогикасы илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган:

- Адабий окуу предметин окутууда кыргыз балдар адабиятын окуп-үйрөнүүнүн теориялык-методикалык мүмкүнчүлүктөрү, таалим-тарбиялык маани-маңызы ачылган;
- башталгыч класстардын окуучуларынын кыргыз балдар адабиятын окуп-үйрөнүүдө анын этнопедагогикалык маанисин аныктап, окуп-үйрөнүүдөгү жетишкендиктеринин багыттарын аныктоонун жолдору көрсөтүлгөн;
-адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын окуп-үйрөнүү аркылуу окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн мазмуну, талаптары аныкталган жана аны жогорулатуунун форма-методдору менен технологиялары иштелип чыккан;
- сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу жолдору практикага сунушталган.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, ачылыштар, жаңы идеялар алынган деп эсептөөгө болот.

**3.1. Алынган натыйжалардын ишеиимдүүлүгү булар менен аныкталат,** т.а изилдөөдо мына бул озгөчө көңүл буруучу идеялар айтылган жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:
- *биринчиден,* изилдөөдө башталгыч класстарда (3-4-кл.) адабий окуу предметин окутуунун абалы, анда окутулуучу кыргыз балдар адабиятынын маани-маңызы, мазмуну так иликтенгендигинде;
-*экинчиден,* адабий окуу предмети аркылуу кыргыз балдар адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн чыгармаларынын негизиндеги этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн изилдениши кыргыз этнопедагогика илиминин жаңы жетишкендиктерине таянылгандыгында;
- адабий окуу предмети аркылуу кыргыз балдар адабиятын окуп-үйрөнүүнү этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү жолдору, ал аркылуу окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн аныкталышы;

-аталган компетенттүүлүктөргө ээ болуунун жолдору, иштөө методдору менен формалары аныкталып, экспериментте сыноодон өткөрүлгөндүгү.

**3.2. *Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:***

- адабий окууда балдар адабиятын сюжеттик- мазмундук негизде гана окуп-үйрөнүүнүн жетишсиздигинин далилдениши;

-адабий окуу предмети аркылуу балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү маселесинин илимий жактан коюлушу;

- адабий окуу предмети аркылуу балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүүдө жетишилүүчү натыйжалардын такталышы;

- адабий окуу предмети аркылуу балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүүдө ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн такталышы.

**3.3. Иштин квалификациялык белгилерге дал келиши:** иш башталгыч класстарда адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын окутууда анын мазмунундагы этнопедагогикалык идеяларды системалоо, окуучулардын этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу методикасы кыргыз адабияты илимин өркүндөтүү боюнча программаларына туура келет жана талаптагыдай деңгээлде аткарылган, анын натыйжаларын тармак ичинде жайылтууга болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)**

*Илимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган*: илимий корутундуларынын натыйжасында мектептин башталгыч класстарында адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн жолдору иштелип чыккан. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

*Диссертациянын материалдары бул документтерде пайдаланылган:*

-Изилдөөнүн натыйжалары Республикалык бир нече илимий-практикалык конференцияларда жайылтылган жана да анын негизги мазмуну илимий 10 макалада, анын ичинде 2 Scopus, 2 РИНЦ тармагындагы журналдарда жарыяланган.

Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)” аттуу темадагы дисертациялык ишинде мектептин башталгыч класстарындагы адабий окуу предмети аркылуу кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү жүргүзүүгө жетишилген жана аталган тармак үчүн бул өтө маанилүү болуп саналат.

*Автореферattтын мазмуну диссертация* менен мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары толук дал келет.

6. *Сын пикирлер:*

-Адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта окутууну өркүндөтүүнүн талаптарын жана багыттарын жеткиликтүү иштеп чыгуу зарыл;

-Адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта окутууну өркүндөтүүдө окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү тактоо зарыл;

-Адабий окуу предметинен кыргыз балдар адабиятын этнопедагогикалык багытта окутууну өркүндөтүүдө окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу керек.

7. *Эскертүүлөр:* Изилдөөгө ылайык алынган адабияттар өтө көп, алардын көпчүлүгү диссертацияда шилтеме кылынган эмес.

8. *Сунуштар:* Диссертациялык иштин алдын ала коргоосуна эксперт катары төмөндөгүлөр сунушталат:

1-эксперт катары: С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор;

Каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

-Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери",Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университеетинин "Кабарчы" журналы,№2, (72), 502-509-б.б.

-Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы", Б., 2024,"Жак принт", 19,5 б.т. 4. "Окуучунун жазуу жана сүйлөө ишмериги", Б., 2014, "Жак принт", 20, 6 б.т.

-"Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик негиздери жана дидактикалык талаптары", Б., "Улуу тоолор", 2020, 11 б.т.

-"Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйроңүү маселелери", Б., 2014, 14 .т

2-эксперт катары: А.Т.Саттарова-педагогика илимдеринни доктору (13.00.02.), доцент, М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тили кафедрасынын башчысы. Анын диссертациянын мазмунуна тиешелүү эмгектери төмөндөгүлөр:

-Балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптери, усулдук колдонмо, Ош, 2027;

-Балдар ырларынын табияты, усулдук колдонмо, Ош, 2017;

-Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери, монография, Б., 2018. ж.б.

**Жетектөөчү мекеме катары** Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү жана кыргыз адабияты кафедралары сунушталат. Ал жердеги адистер: С.Момуналиев-п.и.д., профессор; Г.Жамгырчиева-ф.и.д., доцент; О.Шаимкулов- п.и.к., доцент; Тагаева З.- п.и.к., доцент.

9. *Бүтүм:* Жогорудагы айтылгандар диссертациялык иштин мазмунун төмөндотпөйт, аны коргоого чейин аткарып коюуга диссертанттын мүмкүнчүлүгү жетиштүү, ошондуктан Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын каралып жаткан диссертациялык иши өз алдынча иштелген, толук бүткөрүлгөн, максат-милдеттери толук аткарылган, адабий окуу предметин кыргыз башталгыч класстарында окутуу методикасы үчүн маанилүү изилдоо деп эсептелинет.

10. Ушундай алгылыктуу натыйжаларына таянуу менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевич, изденүүчү Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)” аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык ишин коргоо үчүн кабыл алууга сунуш кыламын.

**Эксперт:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

**Күнү:** **25- июнь, 2021-ж.**

“Профессор С.К.Рысбаевдин колун тастыктайм.”

КББАнын кадрлар бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления заключения в ДС Д 13.20.623
30.06.2021
Уч. секр Сейдрбаев Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин эксперти А.Ж.Муратовдун 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген изденүүчү Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич изденүүчү Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясын жана анын авторефератын карап чыгып, төмөндөгүдөй **чечимге келди:**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште адистигинин паспортуна (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) толугу менен жооп берүүчү кыргыз орто мектептеринин башталгыч класстарында балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 86 « 30 » 06 2021

киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү проблемасы алынган.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо.
2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине обзор берүү.
3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоо.
4. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо.

Коюлган милдеттерге жетүү үчүн изденүүчү диссертациясында 2014-2019-жылдар аралыгында педагогикалык эксперимент жүргүзгөн, ишти жазууда байкоо, анализ-синтез, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, илимий булактарды үйрөнүү, башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйронүү ж.б. заманбап изилдөө методдорун колдонгон. Бул колдонгон методдору изилдөөнүн аргументтүү болушуна негиз түзгөн.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациясынын максат жана милдеттерине ылайык келет.

Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттеринин дээрлик баарына ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө жарлыгына ылайык мектеп окуучуларын руханий да, адептик да тарбиялоо башкы ролдо турат. Мына ушул милдетти аткарууда

«Адабий окуу» курсунда кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын окутуу өзгөчө маанилүү. Мындай чыгармалар окуучуларды мекенсүйөрлүккө тарбиялоодо, алардын гуманисттик сапаттарын көтөрүүгө оң таасирин тийгизет. Ошондой эле адабий көркөм тексттерди этнопедагогикалык аспектиден интерпретациялоо окуучуларды байыркы ата салттары менен тааныштырууда, алардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ болот. Азыркы жаштарда мекенбезерлик, Ата журтту сатуучулук, чет элден келген терс сапаттарга азгыруучулук, баңгичилик, ж.б. сапаттары кобөйүп жаткан учурда мына ушундай темада диссертация жазуу өтө актуалдуу. Бул проблема колдогу эмгекте туура жана заман талабына ылайык иликтөөгө алынган.

Эмгекте коюлган милдеттерди чечүү үчүн методологиялык таянычтар (Г.Н.Волков, Б.Алымов, Н.Ишекеев, С.Батаканова, А.Муратов ж.б.) туура тандалган, кыргыз балдар жазуучуларынын (Ш.Бейшеналиев, Д.Сулайманов, Т.Сыдыкбеков, А.Токтомушев, С.Рысбаев ж.б.) чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу методикасы ар тараптан иликтөөгө алынган.

Айтылгандардын негизинде диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана азыркы мектеп практикасы үчүн керектүү деп эсептөөгө болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

3.1. Иште педагогика жана анын ичинде окутуунун теориясы жана методикасы илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар алынган: кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларга байланыштуу педагогика багытындагы илимий-теориялык адабияттар үйрөнүлгөн; балдар жазуучуларынын башталгыч класстарындагы окутулган чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар аныкталып, аларды көркөм

чыгарманынын тексттинин контекстинде окутуунун дидактикалык принциптери, методдору, ыкмалары айкындалган.

3.2. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы төмөнкүлөр менен байланышат. Изденүүчү тарабынан эмгекте методологиялык таянычтарга негизденүү менен философиядагы, педагогикадагы, адабияттаануудагы «балдар адабияты», «прозалык чыгарма», «этнопедагогика», «көркөм чыгарманы окутуунун этнопедагогикалык негиздери» түшүнүктөрүнүн теориялык аныктамалары текшерилген; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча майнаптуу методикалык ыкмалар табылган; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, изилдөөнүн азыркы абалы аныкталган; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн салттуу жана инновациялык технологиялары автор тарабынан иштелип чыккан; иштелип чыгылган ыкмалар, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген ж.б.

3.3.Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө: башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методдору, принциптери, технологиялары беш жыл жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилип, практикага сунушталган.

3.4. Иштин теориялык мааниси жогору, анда диссертант теориялык жоболорун илимий-практикалык негизде сунуштайт.

3.5. Диссертациялык иш анын квалификациялык белгилерине негизинин туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкүлөрдө ишке ашырылган: башталгыч класстарда балдар

жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы илимий-педагогикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет; «Адабий окуу» курсунда адабий чыгармаларды талдоодо мугалимдердин сабагында жана класстан тышкаркы окуу учурларында этнопедагогикалык негизде окутуп-тарбиялоого басым жасоого сунуштарын киргизген; тема боюнча макалалар даярдалып, методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккан.

**5. Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине негизинен дал келет.**

**6. Айрым мүчөлүштүктөр:**

1. Авторефераттын жана диссертациянын титулдук баракчасында УДК номери көрсөтүлбөй калган.

2. Диссертацияда жана авторефератта мектептердин номерлери көрсөтүлгөндөн кийин сызыкча коюлуп калган (мисалы, №51-Сатыбалды Жээнбеков атындагы орто мектеби ж.б.)

3. Авторефераттын жана диссертациянын бир топ жерлеринде орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет (булар иште билгиленди).

**7. Сунуштар:** Диссертациянын негизинде автор усулдук колдонмо китебин чыгарса мугалимдер жана тарбиячылар үчүн пайдалуу болор эле.

**8. Сунуштамалар:** Диссертацияга оппоненет катары төмөнкүлөрдү сунуштаймын:

*1. С.К.Рысбаев* – педагогика илимдеринин доктору (13.00.01 жана 13.00.02), профессор (педагогика), Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий

кызматкери (эмгектери: Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер[Текст] / С.Рысбаев.– Б.: 1998.; Рысбаев, С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 2006. – 364 б.; Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен) [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01.; 13.00.02 / – Б.: 2006. – 49 б.; Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

2. *Саттарова Азиза Тешабаевна* – педагогика илимдеринин доктору (13.00.02), доцент, М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тили кафедрасынын башчысы (эмгектери: Саттарова, А.Т. Балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптери [Текст]: Илимий-усулдук колдонмо /А.Т.Саттарова. – Ош. – 2017. – 90 б.; Балдар ырларынын табияты, мектепте окутуунун теориясы жана тарыхы [Текст]: Илимий-усулдук колдонмо /А.Т.Саттарова. – Ош. – 2017. – 118 б.; Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери [Текст]: Монография /А.Т.Саттарова. – Бишкек. –2018. – 204 б.; Технологии осуществления внутрипредметных и межпредметных внешных связей при обучении детским песням и стихотворениям [Текст] /А.Т.Саттарова // International Scienttific Journal. Theoretical & Applied Science. – Philadelphia, USA. – 2018. – № 07(63):232. – С.133-136.; Теоретические и методологические задачи в обучении детских песен в школе [Текст] /А.Т.Саттарова. – International Scienttific Journal. Theoretikal & Applied Science. – Philadelphia, USA. – 2018. – № 07(63):232. – С.137-140.

*Жетектөөчү мекеме катары* Ош мамлекеттик унивситетинин Филологиялык билим берүү жана кыргыз адабияты кафедраларын сунушмаймын. Ал жердеги адистер: С.Момуналиев – п.и.д., профессор,

Г.Жамгырчиева – ф.и.д., доцент, О.Шаимкулов – п.и.к., доцент, Тагаева З. – п.и.к., доцент ж.б.

**9. Корутунду:** Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясы өз алдынча аткарылган иш жана анын эмгегин азыркы учур үчүн актаулдуу деп баалоого болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти катары мен, Абдыкерим Жаркынбаевич Муратов,** сунуш кылынган диссертацияны жана анын авторефератын карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деген аталыштагы диссертациясын коргоо үчүн кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт**

**Абдыкерим МУРАТОВ,**

**педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору**

Дата поступления заключения в ДС Д13.20.623 20.06.2021 Осуурбаева

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

**Д 13.20.618 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов Кыялбектин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясына**

**КОРУТУНДУСУ**

Эксперт педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов Кыялбек Камутович изденүүчү Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясын жана анын авторефератын карап чыгып, төмөндөгүдөй **чечимге келди:**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**. Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште адистигинин паспортуна (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) толугу менен жооп берүүчү кыргыз орто мектептеринин башталгыч класстарында балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү проблемасы алынган. Изилдөөнүн алдына төрт милдет коюлган: 1. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо. 2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине обзор берүү. 3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоо. 4. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 87 «30» 06 2021 г.

үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациясынын максат жана милдеттерине ылайык келет.

Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттеринин дээрлик баарына ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** «Адабий окуу» курсунда кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын окутуу өзгөчө маанилүү. Мындай чыгармалар окуучуларды мекен сүйөрлүккө тарбиялоодо, алардын гуманисттик сапаттарын көтөрүүгө оң таасирин тийгизет. Ошондой эле адабий көркөм тексттерди этнопедагогикалык аспектиден интерпретациялоо окуучуларды байыркы ата салттары менен тааныштырууда, алардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда өзгөчо мааниге ээ болот. Диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана азыркы мектеп практикасы үчүн керектүү деп эсептөөгө болот.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште педагогика жана анын ичинде окутуунун теориясы жана методикасы илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар алынган:

3.1. **Биринчи натыйжада** кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларга байланыштуу педагогика багытындагы илимий-теориялык адабияттар үйрөнүлгөн; **экинчи натыйжада** балдар жазуучуларынын башталгыч класстарындагы окутулган чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар аныкталып, **үчүнчү натыйжада** аларды көркөм чыгарманынын тексттинин контекстинде окутуунун дидактикалык принциптери, методдору, ыкмалары айкындалган.

3.2. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы төмөнкүлөр менен байланышат. Изденүүчү тарабынан эмгекте методологиялык таяныч тарга негизденүү менен философиядагы, педагогикадагы, адабияттаануудагы «балдар адабияты», «прозалык чыгарма», «этнопедагогика», «коркөм чыгарманы окутуунун этнопедагогикалык негиздери» түшүнүктөрүнүн теориялык аныктамалары текшерилген; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча майнаптуу методикалык ыкмалар табылган; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, изилдөөнүн азыркы абалы аныкталган; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн

салттуу жана инновациялык технологиялары автор тарабынан иштелип чыккан; иштелип чыгылган ыкмалар, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген ж.б.

3.3. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө: башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методдору, принциптери, технологиялары беш жыл жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилип, практикага сунушталган.

3.4. Иштин теориялык мааниси жогору, анда диссертант теориялык жоболорун илимий-практикалык негизде сунуштайт.

3.5. Диссертациялык иш анын квалификациялык белгилерине негизинин туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү. Г.Маатазнмованын** диссертациясында алынган илимий натыйжалар башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы илимий-педагогикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет; «Адабий окуу» курсунда адабий чыгармаларды талдоодо мугалимдердин сабагында жана класстан тышкаркы окуу учурларында этнопедагогикалык негизде окутуп-тарбиялоого басым жасоого сунуштарын киргизген;

Илимий изилдоөлордүн негизинде илимий макалалар жарыяланган. Патент алуу, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, тийиштүү акты менен ишке киргизүү фактыларын бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды жалпы орто билим берүү уюмдарында, мугалимдерди даярдоо, квалификациясын жогорулатууда кеңири колдонсо болот деп эсептейм.

**5. Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине негизинен дал келет.**

**6. Мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациянын экинчи бабынын экинчи бөлүмү “Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча теориялык методдор” деп аталат, бирок этнопедагогикага тиешелүү материалдар жокко эссе. Же бөлүмдүн аталышын өзгөртүү керек, же кайрадан иштеп чыгуу зарыл.

2. Диссертацияда окуу китебинин авторунун фамилиясы туура эмес берилген (68-бет);

3. Автореферраттын жана диссертациянын бир топ жерлеринде орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет.

**7. Сунуштар:**

**Жетектөөчү мекеме катары** Ош мамлекеттик университетинин Филологиялык билим берүү технологиялары жана кыргыз адабияты кафедраларын сунушмаймын. Ал жердеги адистер: С.Момуналиев – п.и.д., профессор, Г.Жамгырчиева – ф.и.д., доцент, Б.Темирова – ф.и.д., доцент, О.Шаимкулов – п.и.к., доцент, Т.Жороев – п.и.к., доцент, Тагаева З. – п.и.к., доцент ж.б.

Диссертацияга **оппонент** катары төмөнкүлөрдү сунуштаймын:

**1. С.К.Рысбаев** – педагогика илимдеринин доктору (13.00.01 жана 13.00.02), профессор (педагогика), Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери (эмгектери: Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер[Текст] / С.Рысбаев.– Б.: 1998.**;** Рысбаев, С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 2006. – 364 б.**;** Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен) [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01.; 13.00.02 / – Б.: 2006. – 49 б.; Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

**2. Саттарова Азиза Тешабаевна** – педагогика илимдеринин доктору (13.00.02), доцент, М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тили кафедрасынын башчысы (эмгектери: Саттарова, А.Т. Балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптери [Текст]: Илимий-усулдук колдонмо /А.Т.Саттарова. – Ош. – 2017. – 90 б.; Балдар ырларынын табияты, мектепте окутуунун теориясы жана тарыхы [Текст]: Илимий-усулдук колдонмо /А.Т.Саттарова. – Ош. – 2017. – 118 б.; Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери [Текст]: Монография /А.Т.Саттарова. – Бишкек. –2018. – 204 б.; Технологии осуществления внутрипредметных и межпредметных внешных связей при обучении детским песням и стихотворениям [Текст] /А.Т.Саттарова // International Scienttific Journal. Theoretical & Applied Science. – Philadelphia, USA. – 2018. – № 07(63):232. – С.133-136.; Теоретические и методологические задачи в обучении детских песен в школе [Текст] /А.Т.Саттарова. – International Scienttific Journal. Theoretikal & Applied Science. – Philadelphia, USA. – 2018. – № 07(63):232. – С.137-140.

**8. Кабыл алуу боюнча сунуштама.** Диссертация кабыл алууга жана алдын ала коргоого татыктуу деп эсептейм.

**9. Бүтүм:** Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы диссертациясын өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана эксперименталдык ырастоо негизинен жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти** сунуш кылынган диссертацияны жана анын авторефератын карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деген аталыштагы диссертациясын коргоо үчүн кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт**
**Акматов Кыялбек Камутович,**
“Кыргызстан “Маариф” коомдук фондунун,
“Маариф” Билим берүү комплекси” мекемесинин
директорунун академиялык маселелер боюнча орун басары,
педагогика илимдеринин доктору, доцент
(13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун
теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

*К.К. Акматовдун колун тастыктаймын*
*"Кыргызстан "Маариф" фондунун директору Хусню Бирджан*

Дата поступления в дис. совет Д 13.20.623
30.06.2021
Оморбаев Дж.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ